**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МАДАНИЯТ, МААЛЫМАТ, СПОРТ ЖАНА ЖАШТАР САЯСАТЫ МИНИСТРЛИГИ**

**МИНИСТЕРСТВО КУЛЬТУРЫ, ИНФОРМАЦИИ, СПОРТА И МОЛОДЕЖНОЙ ПОЛИТИКИ КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ**

# БУЙРУК
# ПРИКАЗ

2023-жылдын 11-августу № 583

Бишкек ш.
г. Бишкек

**Кыргыз Республикасынын Маданият, маалымат, спорт жана жаштар саясаты министрлигинин 2023-жылдын 11-июнундагы “Кыргыз Республикасынын Эгемендүүлүгүнүн 32 жылдыгына жана Кыргыз Республикасынын мамлекеттик жана саясий ишмери Насирдин Исановдун туулган күнүнүн 80 жылдыгына арналган маданий-массалык иш-чаралардын алкагында өтүүчү кароо-сынактардын жобосун бекитүү жөнүндө” № 517 буйругуна өзгөртүүлөрдү жана толуктоолорду киргизүү жөнүндө**

Кыргыз Республикасынын Эгемендүүлүгүнүн 32 жылдыгына жана Кыргыз Республикасынын мамлекеттик жана саясий ишмери Насирдин Исановдун туулган күнүнүн 80 жылдыгына арналган маданий-массалык иш-чаралардын алкагында өтүүчү кароо-сынактардын жобосуна өзгөртүүлөрдү жана толуктоолорду киргизүү максатында **буйрук кылам:**

1. Министрликтин 2023-жылдын 11-июнундагы “Кыргыз Республикасынын Эгемендүүлүгүнүн 32 жылдыгына жана Кыргыз Республикасынын мамлекеттик жана саясий ишмери Насирдин Исановдун туулган күнүнүн 80 жылдыгына арналган маданий-массалык иш-чаралардын алкагында өтүүчү кароо-сынактардын жобосун бекитүү жөнүндө” № 517 буйругу менен бекитилген тиркемелер жокко чыгарылып, иш-чаранын сценарийи 1-тиркемеге жана кароо-сынактын жоболору 2-3-4-5-6-тиркемелерге ылайык кайра бекитилсин.
2. Документтик камсыздоо жана көзөмөлдөө бөлүмү (А.Турсунбекова) буйрукту тийиштүү мекеме жана түзүмдүк бөлүмдөргө тааныштырсын.
3. Бул буйруктун аткарылышын контролдоо министрдин биринчи орун басары К.Иманалиевге жүктөлсүн.

**Министрдин орун басары** **Ч.Эсенгул уулу**

**1-тиркеме**
Кыргыз Республикасынын
Маданият, маалымат, спорт
жана жаштар саясаты
министрлигинин
2023-ж "11" августа
№ 583 буйругу менен

# Кыргыз Республикасынын Эгемендүүлүк күнүнө жана Кыргыз Республикасынын туңгуч Премьер-министри, "Эмгек Кызыл Туу" жана "Ардак Белгиси" ордендеринин ээси Насирдин Исановдун 80 жылдыгына карата өтүүчү мамлекеттик маданий иш-чаранын СЦЕНАРИЙ-КОНЦЕПЦИЯСЫ

**Өтүүчү жери:** Кыргыз Республикасынын "Түштүк борбору" эсептелген Ош шаарында негизги жети локацияда өткөрүлөт.

**Өтүүчү күнү:** 2023-жылдын 31-августу

**Максаты:** Кыргыз Республикасынын Эгемендүүлүк күнүнө арналган ири маданий иш-чара. Республиканын азыркы мезгилдеги саясий-социалдык жана маданий багыттарда өнүгүп-өсүүсүн; жаралуу мезгили 3000 жылдан ашуун доорду камтыган, тарыхый булактарга бай, Кыргызстандын "Түштүк борбору" болуп эсептелген – Байыркы Ош шаарынын тарых-таржымалын даңазалоо менен бирге маданий түзүмүн жакшыртуу, белгилүү мамлекеттик жана саясий ишмер Кыргыз Республикасынын туңгуч Премьер-министри, "Эмгек Кызыл Туу" жана "Ардак Белгиси" ордендеринин ээси Насирдин Исановдун 80 жылдыгына карата, анын Кыргызстандын өнүгүүсү үчүн өтөгөн ак кызмат, адал эмгегин жалпыга таанытуу.

## Кыргыз Республикасынын Эгемендүүлүк күнүнө карата өтүүчү мамлекеттик деңгээлдеги маданий иш-чараларды жүзөгө ашыруу үчүн ар түрдүү маанидеги иш-чараларды камтыган жети локакация иштейт.

1. **Сулайман-Тоо:**
   - "Кыргыз Республикасынын Туусунун желек сабынын расмий ачылыш аземи".
2. **Ош мамлекеттик университети:**
   - **Мамлекеттик жана саясий ишмер Насирдин Исановдун эстелигинин расмий ачылыш аземи;**
   - **Илимий конференция.**

3. **С. Ибраимов атындагы Ош Улуттук драма театры:**

- **“Ош - достуктун шаары”** Кыргызстан калкы ассамблеясынын Ош областындагы бөлүмүнүн маданий-иш чаралары;
- **“Алтын туурум – Ата-Журтум”** маданий кароо-сынактарынын алкагында өтүүчү “**Тарыхта калган элестер”** таштан айкел жасоо боюнча скульпторлордун сынагы;
- **“Ата-Журт ажары”** республикадагы область, шаарлардын кереметтүү жерлеринин (визиткасы) кичи бейнесин чагылдыруу боюнча кароо-сынагы;
- Кыргыз Республикасынын Эгемендүүлүк күнүнө карата **алгачкы агартуучу, жазгыч акын, ойчул жана тарыхчы Молдо Нияз Эрназар уулунун 200 жылдыгына арналган XVI Эл аралык “Айтыш-2023”** кыргыз-казак төкмө акындарынын кош байге айтышы.

**4. Ленин проспекти боюнча:**

- “Тогуз Ордо” аймагында жети облус, Бишкек, Ош шаарларынын «Түштүк базары» аттуу республикалык көргөзмө-сынак жарманкеси;
- “Алтын туурум–Ата-Журтум” аттуу республикалык кароо-сынактар.

**5.Борбордук аянт:**

- Республиканын оюн-зоок мекемелеринин концерттик программалары;
- Салтанаттуу маданий иш-чара;
- Гала-концерт.

**6. Ош шаардык стадиону:** - Кыргыз элинин улуттук оюндары.

**7. Ат майданы (Ипподром):** - Кыргыз элинин улуттук ат оюндары.

## 1. СУЛАЙМАН-ТОО.

**Кыргыз Республикасынын Туусунун желек сабынын расмий ачылыш аземи:** Бийиктиги ___метр желек сап “Сулайман-Тоо” Улуттук тарыхый-археологиялык музей комплексинин алдында орнотулат.

**10:00 КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ТУУСУНУН ЖЕЛЕК САБЫНЫН РАСМИЙ АЧЫЛЫШ АЗЕМИ.**

Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин, Жогорку Кеңешинин эл өкүлдөрүнүн, көрүнүктүү мамлекеттик жана искусство ишмерлеринин, элчиликтердин өкүлдөрүнүн, мамлекеттик администрация башчыларынын ж.б. расмий өкүлдөрдүн катышуусу менен өтөт.

**10:00-10:20. Кыргыз Республикасынын Президенти Жапаров Садыр Нургожоевич сөз сүйлөп, туу көтөрөт.**

*(Иш-чара Улуттук Гвардиянын Ардак караол ротасынын жана үйлөмө аспаптар оркестринин коштоосунда өтөт)*

## 2. ОШ МАМЛЕКЕТТИК УНИВЕРСИТЕТИ.

**Мамлекеттик жана саясий ишмер Насирдин Исановдун эстелигинин расмий ачылыш аземи**

КР Президенти С.Н. Жапаровдун, Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин, Жогорку Кеңешинин эл өкүлдөрүнүн, көрүнүктүү мамлекеттик жана маданият ишмерлеринин, элчиликтердин өкулдөрүнүн, мамлекеттик администрация башчыларынын ж.б. расмий өкүлдөрдүн катышуусу менен өтөт.

**10:25-10:35 КР Президенти Жапаров Садыр Нургожоевич сөз сүйлөп, эстеликти ачат.**

**Илимий конференция.** Республиканын жана чакырылган чет өлкөлүк илимпоздорун катышуусундагы тегерек столдо илимий конференциялар өтөт. Сунуш кылынган темалар: “Ош шаарынын тарыхы жана бүгүнкү күнү”, “Көп улуттуу Ош шаарынын тарыхый-маданий жана шаарда жашаган элдердин маданий жана социалдык өзгөчөлүктөрүн баалоо жана таануу”, Белгилүү мамлекеттик жана саясий ишмер, КР Биринчи Премьер-министри, “Эмгек Кызыл Туу” жана “Ардак Белгиси” ордендеринин ээси Насирдин Исановдун 80 жылдыгына карата, ал жашап

өткөн доордогу коом жана анын өлкөнүн өнүгүп-өсүшү үчүн жасаган иштери тууралуу»

***(Концепция долбоордук негизде түзүлгөндүктөн, Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлиги менен макулдашууга тийиш.)***

**3. СУЛТАН ИБРАИМОВ АТЫНДАГЫ ОШ УЛУТТУК ДРАМА ТЕАТРЫ.**

**“Ош – достуктун шаары” Кыргызстан калкы ассамблеясынын Ош областындагы бөлүмүнүн маданий-иш чаралары, “Алтын туурум – Ата-Журтум” республикалык маданий кароо-сынактарынын алкагында өтүүчү “Тарыхта калган элестер” таштан айкел жасоо боюнча скульпторлордун сынагы, “Ата-Журт ажары” республикадагы область, шаарлардын кереметтүү жерлеринин (визиткасы) кичи бейнесин чагылдыруу боюнча кароо-сынагы өтөт.**

КР Президенти С. Н. Жапаровдун, Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин, Жогорку Кеңешинин эл өкүлдөрүнүн, атактуу мамлекеттик жана искусство ишмерлеринин, элчиликтердин өкүлдөрүнүн, мамлекеттик администрация башчыларынын ж.б. расмий өкүлдөрүнүн иш-чаралар менен таанышып чыгуусу.

**10:50-11:00** Республикадагы область, шаарлардын кереметтүү жерлеринин (визиткасы) кичи бейнесин чагылдырган **“Ата-Журт ажары”** кичи паркы менен таанышып чыгуу;

**11:00-11:10 “Тарыхта калган элестер”** таштан жасалган айкелдер жайгашкан парк менен таашышып чыгуу;

**11:10-11:20 КР Президенти С. Н. Жапаровдун Кыргызстан калкы ассамблеясынын Ош бөлүмүнүн өкүлдөрү менен эстеликке сүрөткө түшүү аземи белгиленүүдө.**

Бул локацияда боордош калктардын маданияты чагылдырылат. Кыргызстан калкы ассамблеясынын Ош областындагы бөлүмүнүн өкүлдөрүнүн катышуусунда ар бир калктын: улуттук каада-салты, ыр-күүсү, бийлери көрүүчүлөргө тартууланып, прикладдык искусствосу, улуттук кийим-кечеси боюнча фестиваль уюштурулат. Боордош элдердин ыр-күү, бийлеринин тандалган номерлери ачылыш аземиндеги гала-концертке катышат.

**Кыргыз Республикасынын Эгемендүүлүк күнүнө карата алгачкы агартуучу, жазгыч акын, ойчул жана тарыхчы Молдо Нияз Эрназар уулунун 200 жылдыгына арналган XVI Эл аралык "Айтыш-2023" кыргыз-казак төкмө акындарынын кош байге айтышынын программасы**

**30-август**

**18:00-18:10** Айтыштын башталышы. Кыргыз Республикасынын Гимни.
**18:10-18:20** Расмий конокторго сөз берүү.
**18:20-18:35** Кыргыз-казак акындарын, калыстар тобун, уюштуруучуларды тааныштыруу. Чүчү кулак кармоо.
**18:35-20:45** Айтыш. Биринчи айлампасы.
**20:45-21:00** Айтыштын биринчи айлампасын жыйынтыктоо. Жарым финалга өткөн 4 кыргыз жана 4 казак акынын жарыялоо. Айтышты жыйынтыктоо.

**31-август**

**16:00-16:10** Айтыштын башталышы. КР Гимни.
**16:10-16:20** Атайын конокторго сөз берүү.
**16:20-16:35** Кыргыз-казак акындарын, калыстар тобун, уюштуруучуларды тааныштыруу. Чүчү кулак кармоо.
**16:35-19:00** Айтыш. Жарым финал жана финалдык бөлүгү.
**19:00:19:15** Айтышты жыйынтыктоо. Кызыктыруучу сыйлыктарды жана атайын 5 сыйлыкты тапшыруу ( 8 акын)

## 4. ЛЕНИН ПРОСПЕКТИНДЕ

**Жети облус, Бишкек, Ош шаарларынын «Тогуз Ордо» аймагында «Түштүк базары» аттуу республикалык көргөзмө-сынак жарманкеси. «Алтын туурум–Ата-Журтум» аттуу республикалык кароо-сынактар өтөт.**

**11:30-12:00. КР Президенти С. Н. Жапаров баштаган расмий өкүлдөр жети облус, Бишкек, Ош шаарлары жайгашкан "Тогуз ордо" аймагы менен таанышып чыгат.**

## “ТҮШТҮК БАЗАРЫ”
## республикалык көргөзмө-сынак жарманкеси.

1. **“Жергемдин жети кереметі” фото көргөзмөсү** (областын же шаардын жеке тарыхын, тарыхый эстеликтерин, маданий жана социалдык өзгөчөлүгүн, кооз табиятын, социалдык, адеп-ахлактык темалары чагылдырылат).

2. **«Жер эненин жемиши»** (айыл-чарба продукциялары);

3. **“Кыялымдагы шаар”** (архитектуралык-конструктордук институттардын жана ийримдердин макеттери);

4. **“Футурама”** (электрондук-робото-техника ийримдеринин макеттери);

5. **«Сарпай»** (жеңил өнөр-жай, чакан ишканалардын, тигүү цехтердин продукциялары);

6. **«Өнөркана»** (Эл керектөөчү, турмуш тиричилик товарларын өндүрүп жаткан жергиликтүү ишканалар, ишкерлердин колунан жасалган заманбап, сапаттуу, бренд товарлардын көргөзмөсү).

## «АЛТЫН ТУУРУМ – АТА-ЖУРТУМ»
## республикалык маданий кароо-сынактары.

Бардык маданий кароо-сынактар “Тогуз Ордо” аймагынын борборунда жайгашкан “Ордо сахнада” өтүп, таланттуу келечек муундун ар тараптуу өнөрлөрүн ачуу менен көрүүчүлөргө шаан-шөкөттүү майрамдык маанай тартуулоону максат кылат.

**Кароо-сынактар жети облус жана эки шаардын катышуусунда өткөрүлөт.**

1. **«Ыр майрам»** заманбап стилдеги обончу-аткаруучулардын сынагы;
2. **«Эл казынасы»** фольклордук чебер аспапчылар (виртуоз), ырчылар жана дастанчылар сынагы;

**Кызыктыруучу сыйлыктар коюлуп өткөрүүчү оюн-зоок, мелдештер:**

1. «Күнөстүү Кыргызстан» балдардын асфальтка сүрөт тартуу мелдеши.
2. «Мамы-Байге» 10 мерт мамыдагы байгени алып түшүү.
3. «Кожомкул-Таш» балбандардын оор салмактагы таш көтөрүү мелдеши.
4. «Сыйкырдуу калем» графикалык сүрөтчүлөр көз ирмемчелик убакта ар кандай ыкмадагы портреттерди тартышат.

## 5. БОРБОРДУК АЯНТ. НЕГИЗГИ САХНА.

*Ош областынын мамлекеттик администрациясынын жана Ош шаардык мэриясынын алдына үч баскычтагы сахна тематикалык композицияда жасалгаланат.*

*Сахнада: бордордук (8х12); кийинки баскычта 6х12 өлчөмүндөгү эки; төмөнку баскычта 6х10 өлчөмүндөгү эки күндүзгү көрсөтүүгө ылайыкташылган LED экрандар; үн күчөтүүчү, жарык берүүчү кубаттуу аппаратуралар орнотулат.*

*Көрүү аянтында ардактуу меймандар үчүн VIP чатыр (трибуна) тургузулат.*

**11:00-17:00 КҮНДҮЗГҮ ПРОГРАММА.**

**11:00-13:00** Р. Абдыкадыров атындагы Ош областтык филармониясы.

**13:30-15:00** Т. Тыныбеков атындагы Жалал-Абад областтык филармониясы.

**15:30-17:00** Бабур атындагы Ош Мамлекеттик Академиялык Өзбек музыкалуу драма театры.

**17:00-19:00 Республикалык кароо-сынактардын жеңүүчүлөрүнө сыйлыктарды тапшыруу аземи.**

Республикалык кароо-сынактардын жеңүүчүлөрүнө сыйлыктарды КР Жогорку Кеңешинин, КР Министрлер Кабинетинин өкүлдөрү жана КР Президентинин облустардагы ыйгарым укуктуу өкүлдөрү тапшырып, жеңүүчүлөдүн чыгармалары аткарылат.

**19:00 – 21:00 Кечки гала-концертке даярдык иштери.**

**21:00 КЕЧКИ ПРОГРАММА.**

**Кыргыз Республикасынын Эгемендүүлүк күнүнө жана белгилүү мамлекеттик, саясий ишмер, КР Биринчи Премьер-министри, «Эмгек Кызыл Туу», «Ардак Белгиси» ордендеринин ээси Насирдин Исановдун 80 жылдыгына карата өтүүчү маданий иш-чара жана гала-концерт.**

**21:00-21:09 Кыргызстандын социалдык-экономикалык жана маданий өнүгүп-өсүү жолу тууралуу тарыхый даректүү фильм.**

**21:10-21:20** **РАСМИЙ БӨЛҮК**

**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ПРЕЗИДЕНТИ**
**САДЫР НУРГОЖОЕВИЧ ЖАПАРОВДУН СӨЗҮ**

**21:20-22:00 КЫРГЫЗСТАН ТУУРАЛУУ ТЕАТРАЛДЫК КОМПОЗИЦИЯЛАР МЕНЕН САХНАЛАШТЫРЫЛЫП КОЮЛГАН ГАЛА-КОНЦЕРТ.**

Гала-концертте 3000 жылдан ашуун доорду камтыган, тарыхый булактарга бай, Кыргызстандын «Түштүк борбору» болуп эсептелген – Байыркы Ош шаарынын тарых-таржымалы даңазаланган, КР Биринчи Премьер-министри Насирдин Исанов менен бирге тарыхый инсандардын ысымдары даңазаланган, заманбап стилде даярдалган концертик программалар менен коштолот.

**21:58-22:00** **Майрамдык фейерверк.**

**22:05-24:00 Кыргыз Республикасынын искусство чеберлеринин жана эстрада жылдыздарынын концерттик программасы.**

***(Айтыштын байгелүү орундарын 8 акынды ( Баш бейге, 1-орун, 2-орун, 3-орун) сыйлоо аземи кечки концерттик бөлүктүн (15-20 мүнөттүк убакыт) башталышында орун алат)***

Быйылкы Кыргыз Республикасынын Эгемендүүлүк күнүнө карата өтүүчү маданий иш-чаралардын максаты жаңы жүздөрдү жана жаңы заманбап чыгармаларды алып чыгуу болгондуктан, Республиканын искусство чеберлери менен биргеликте жаш авторлордун чыгармалары аткарылып, жаш аткаруучулар өз өнөрлөрүн тартуулашат.

## 6. АКМАТБЕК СҮЙҮМБАЕВ АТЫНДАГЫ ОШ БОРБОРДУК СТАДИОНУ

**31-август Кыргыз Республикасынын Эгемендүүлүк күнүнө карата жана Н. Исановдун 80 жылдыгына арналган спорттук иш-чарасы.**

**Өткөрүлүүчү жери: Ош шаары *А. С. Сүйүмбаев атындагы Борбордук стадион***

**27-30 -август**

**09:00-18:00 “Ордо”, “Айкүр чүкө” улуттук оюндары боюнча мелдештер өткөрүлөт**

**31-август**

**12:00-13:00 Ачылыш аземи**

**09:30-13:00 “Ордо” (финалдык оюндар)** Финалга чыккан командалар арасында 1-2-орун үчүн жана 3-4-орун үчүн оюндар жүрөт.

**09:30-12:30 “Айкүр чүкө” (финалдык оюндар)** Финалга чыккан оюнчулар арасында 1-2-орун үчүн жана 3-4-орун үчүн ойношот.

**09:00-13:00 “Оордуктарды көтөрүү”**

**09:00-14:00 “Таяк тартыш”**

**09:00-14:00 “Кыргыз күрөш”**

**09:00-14:00 “Алыш бел боо күрөшү”**

**14:00-18:00 “Улуу көчмөндөр күрөшү”**

**18:00-19:00 “Сыйлоо жана жабылыш аземи”**

## 7. АТ МАЙДАНЫ (ИППОДРОМ)

**31-август Кыргыз Республикасынын Эгемендүүлүк күнүнө карата Көк бөрү боюнча Кыргыз Республикасынын Президентинин кубогу жана улуттук спорттун түрлөрү боюнча мелдештер.**

**Өткөрүлүүчү жери: Ош облусу. Кара-Суу району. “Төлөйкөн” ат майданы.**

**25-29-август күндөрү саат 09:00-18:00 “Көк бөрү” оюну боюнча беттештер өтөт.**

**30-август**

**09:00-10:30 “Көк бөрү” V-VI орунга оюн (жогорку лига)**

**09:00-18:00 “Салбуурун” (финалга чейинки оюндар)**

**10:30-13:00 “Эр эңиш” (финалга чейинки беттештер)**

**13:00-17:00 “Ат оюндары” (финалга чейинки оюндар)**

“Кыз жарыш”, “Тыйын эңмей”, “Кыз куумай”, “Эр сайыш” жана “Ат үстүндө жигит өнөрү” (Жигитовка).

**17:00-18:30 “Көк бөрү”**

**18:30-20:00 “Көк бөрү”**

**31-август**

**09:30-11:00 "Көк бөрү"**

**11:00-12:00 "Эр эңиш" (Финал)**

**12:00-12:30 Ачылыш аземи.**

**12:30-14:30 "Ат чабыш"** (тай чабыш, бышты жорго, кунан чабыш, жорго салыш, аламан ат чабыш)

**14:30-15:30 "Салбуурун" (Финал)**

**15:30-16:30 Ат оюндары. (Финал)**

**16:30-17:00 Аламан ат чабыш (32 000 м.)**

Алдыңкы келген 9 күлүктү сыйлоо аземин КР Президенти катышып, 1-келген күлүккө баш байгени (батир) тапшырат.

**17:00-18:30 "Көк бөрү" Финал**

**18:30-19:30 Көк бөрү, ат оюндары боюнча командаларды сыйлоо жана жабылыш аземи**

*Чыгармачыл топ:*

*Сценарий-концепциясын жазган - КР маданиятына эмгек сиңирген ишмер Зайнидин уулу У.*
*Режиссер – КР эл артисти Чалабаев Э.В.*
*Режиссер – КР маданиятына эмгек сиңирген ишмер Асанбеков Н.А.*
*Режиссер – Эшалиев А. Т.*
*Улуттук маданий борбордун директору – Надырбеков С. Н.*